APPROVED for KYRGYZSTAN 20.11.2019

# ЦВЕТОКС

SPEY MEDICAL LTD
Lyton House
7-12 Tavistock Sq.
LONDON, WC1H 9LT, UK
Company No. 7706780

## ИНСТРУКЦИЯ ПО МЕДИЦИНСКОМУ ПРИМЕНЕНИЮ ЛЕКАРСТВЕННОГО ПРЕПАРАТА

**Торговое название**
ЦВЕТОКС

**Международное непатентованное название**
Цетиризин

**Лекарственная форма**
Раствор для приема внутрь.

**Состав**
1 мл раствора содержит:
*Активное вещество:*
Цетиризина дигидрохлорид 1 мг
*Вспомогательные вещества:*
сорбитол жидкий, глицерол, бензоат натрия, лимонная кислота моногидрат, цитрат натрия, ароматизатор банановый, очищенная вода.

**Описание**
Прозрачная, бесцветная жидкость низкой вязкости с характерным приятным, фруктовым запахом.

**Фармакотерапевтическая группа**
Антигистаминные препараты для системного применения. Производные пиперазина.
Цетиризин
Код АТХ: **R06AE07.**

**Фармакологическое действие**
***Фармакодинамика***
Цетиризин относится к группе конкурентных антагонистов гистамина, блокирует $H_1$- гистаминовые рецепторы, практически не оказывает антихолинергического и антисеротонинового действия. Обладает выраженным противоаллергическим действием, предупреждает развитие и облегчает течение аллергических реакций. Обладает противозудным и противоэкссудативным эффектом. Влияет на «раннюю» стадию аллергических реакций, а также уменьшает миграцию клеток воспаления; угнетает выделение медиаторов, участвующих в «поздней» стадии аллергической реакции. Уменьшает проницаемость капилляров, предупреждает развитие отека тканей, снимает спазм гладкой мускулатуры. Устраняет кожную реакцию на введение гистамина, специфических аллергенов, а также на охлаждение (при холодовой крапивнице). В терапевтических дозах практически не оказывает седативного эффекта. На фоне курсового приема толерантность не развивается. Действие препарата после приема в однократной дозе 10 мг начинается через 20 минут (у 50 % больных), через 1 час (у 95% больных), и сохраняется в течение 24 часов. После отмены препарата эффект сохраняется до 3-х суток.
***Фармакокинетика***
*Всасывание:* после приема внутрь препарат быстро и хорошо всасывается из желудочно- кишечного тракта. Максимальный уровень концентрации определяется примерно через 30 - 60 минут.
Прием пищи не оказывает существенного влияния на величину абсорбции, но удлиняет время достижения максимальной концентрации ($TC_{max}$) на 1 час и снижает величину максимальной концентрации ($C_{max}$) на 23 %.
*Распределение:* цетиризин связывается с белками плазмы крови примерно на 93 %. Величина объема распределения ($V_d$) низкая (0,5 л/кг).
*Метаболизм:* цетиризин в небольших количествах метаболизируется путем О-деалкилирования с образованием неактивного метаболита. При 10-дневном применении в дозе 10 мг накопления препарата не наблюдается.
*Выведение:* примерно на 70 % происходит почками в основном в неизмененном виде. Помимо почек выводится через кишечник. Величина системного клиренса составляет около 54 мл/мин.
Величина периода полувыведения составляет около 10 часов. У детей в возрасте от 6 до 12 лет величина периода полувыведения снижается до 6 часов.
При нарушении функции почек (клиренс креатинина ниже 11-31 мл/мин) и у пациентов, находящихся на гемодиализе (клиренс креатинина менее 7 мл/мин) величина периода полувыведения увеличивается в 3 раза, общий клиренс уменьшается на 70%.
На фоне хронических заболеваний печени и у пожилых пациентов при приеме препарата в дозе 10 мг отмечается увеличение величины периода полувыведения на 50 % и уменьшение системного клиренса на 40 %.

**Показания к применению**
- Лечение симптомов круглогодичного и сезонного аллергического ринита, и аллергического конъюнктивита, таких как зуд, чихание, ринорея, слезотечение, гиперемия конъюнктивы;
- Сенная лихорадка (поллиноз);
- Крапивница, в том числе хроническая идиопатическая крапивница, отек Квинке;
- Другие аллергические дерматозы, в том числе атопический дерматит, сопровождающиеся зудом и высыпаниями.

**Противопоказания**
- гиперчувствительность к активным веществам или производным пиперазина, а также к другим компонентам препарата
- пациенты с тяжелой почечной недостаточностью и клиренсом креатинина менее 10 мл/мин
- наследственная непереносимость фруктозы
- беременность и период лактации
- детский возраст до 2 лет

**Способ применения и дозы**
Внутрь, до или после приема пищи. Препарат следует принимать регулярно в одно и то же время. Время приема препарата (утро или вечер) определяется в зависимости от индивидуальных потребностей пациента.
*Взрослые:* 10мг (10мл) 1 раз в день;
*Дети старше 12 лет:* 10мг (10мл) 1 раз в день;
*Дети 6-12 лет, весом более 30 кг:* 5 мг (5мл) 2 раза в день;
*Дети 6-12 лет, весом менее 30 кг:* 5 мг (5мл) 1 раз в день;
*Дети 2-6лет:*5 мг (5мл) 1 раз в день или ½ дозы (2.5мл) дважды в день;
Пациентам с почечной недостаточностью умеренной степени тяжести (клиренс креатинина 11 - 13 мл/мин.), пациентам, находящимся на гемодиализе (клиренс креатинина менее 7 мл/мин.) и пациентам с нарушениями печеночной функции рекомендуется 5 мл перорального раствора в день.

**Побочные действия**
- сонливость, головная боль, головокружение, слабость, недомогание, усталость, парестезии
- раздражительность, возбуждение, тревога, замешательство
- боли в животе, сухость во рту, тошнота, диарея
- бронхоспазм, фарингит и ринит (у детей)
- зуд, сыпь

*редко*:
- гиперчувствительность, крапивница, отек
- тахикардия
- повышение уровня печеночных ферментов, щелочной фосфатазы, билирубина
- увеличение веса
- судороги, двигательные расстройства
- агрессивность, спутанность сознания, депрессия, галлюцинации, бессонница

*очень редко*:
- ангионевротический отек, эритема, анафилактический шок
- затруднение мочеиспускания, дизурия, энурез
- тромбоцитопения
- нарушение вкусовых ощущений, обморок, тремор, дистония, дискинезия, тик
- воспаление глаза, нарушения зрения или движения глазного яблока

*неизвестно*
- повышенный аппетит, суицидальные мысли, амнезия, нарушение памяти, задержка мочи

**Передозировка**
При однократном приеме препарата Цветокса в дозе 50 мг могут наблюдаться следующие симптомы: замешательство, диарея, головокружение, повышенная утомляемость, головная боль, недомогание, мидриаз, зуд, слабость, седативный эффект, сонливость, ступор, тахикардия, тремор, задержка мочи.
*Лечение:* сразу после приема препарата - промывание желудка или искусственный вызов рвоты. Рекомендуется назначение активированного угля, проведение симптоматической и поддерживающей терапии. Специфического антидота нет. Гемодиализ неэффективен.

**Взаимодействие с другими лекарственными средствами**
Фармакологические исследования взаимодействия цетиризина и псевдоэфедрина, антипирина, циметидина, кетоконазола, эритромицина, азитромицина глипизида, диазепама не выявили никаких доказательств неблагоприятных взаимодействий.
В нескольких исследованиях доз теофиллина (400 мг один раз в сутки) и цетиризина, наблюдалось небольшое (16%) снижение клиренса цетиризина, в то время как расположение теофиллина не было изменено при одновременном назначении цетиризина. При одновременном назначении цетиризина с макролидами (например, азитромицином, эритромицином) или кетоконазолом не привело к клинически значимым изменениям ЭКГ.
При исследовании нескольких доз ритонавира (600 мг дважды в сутки) и цетиризина (10 мг в день) было выявлено, что степень воздействия цетиризина была увеличена примерно на 40%, а расположение ритонавира было слегка изменено (-11%) в дополнение к сопутствующему приёму цетиризина. Цетиризин ослабляет антикоагулянтный эффект гепарина натрия. Азеластин, алпразолам, бупренорфин, галоперидол, гидроксизин, диазепам, дроперидол, золпидем, флуразепам, кветиапин, флуфеназин, клозапин, трифлуоперазин, тиоридазин, фенобарбитал, фентанил, темазепам, рисперидон, пропофол, ремифентанил, прометазин, перфеназин, кодеин, лоразепам, оланзапин, оксазепам, мидазолам, хлорпромазин, хлордиазепоксид, эстазолам - усиливает (взаимно) депримацию и снижение скорости психомоторных реакций.
Метогекситал, кетамин, изофлуран, энфлуран в постнаркозном периоде - усиливает (взаимно) депримацию и снижение скорости психомоторных реакций. Этанол - усиливает (взаимно) депримацию и снижение скорости психомоторных реакций; на время лечения необходимо отказаться от спиртных напитков.
Степень абсорбции цетиризина не уменьшается с приёмом пищи, хотя скорость всасывания снижается на 1 час.
Тесты на кожную аллергию подавляются антигистаминами, вымывание их происходит в течение 3 дней, рекомендуется обратить на это внимание, прежде чем выполнять их.

**Особые указания**
При развитии реакции гиперчувствительности лечение препаратом следует прекратить. У пациентов с почечной недостаточностью, в связи с замедленным выведением препарата возможна его кумуляция. При назначении таким пациентам Цветокса в обычных рекомендуемых для взрослых доз, могут отмечаться побочные эффекты, связанные с холиноблокирующим действием и влиянием на центральную нервную систему, в этих случаях рекомендуется снижение дозы.
У пациентов с повышенной чувствительностью, одновременное применение препарата с алкоголем или другими депрессантами ЦНС может возникнуть дополнительное снижение бдительности и ухудшение производительности.
Особое внимание рекомендуется обратить пациентам с предрасполагающими факторами задержки мочи, так как цетиризин может увеличивать риск задержки мочи.
У пациентов пожилого возраста также повышается риск развития холиноблокирующих эффектов препарата (сухость во рту, задержка мочи). При появлении этих симптомов лечение препаратом следует прекратить. Лечение Цветоксом следует прекратить за 3 дня до проведения кожных проб с аллергенами для предупреждения искажения результатов проб.
При использовании препарата в терапевтических дозах не получено данных о взаимодействии с алкоголем (при концентрации алкоголя в крови 0,5 г/л), однако одновременный прием с алкоголем может вызывать появление чувства тревоги или заторможенности. Рекомендуется повышенное внимание к больной эпилепсии и пациентам с риском развития судорог.
*Особенности влияния лекарственного средства на способность управлять транспортным средством или потенциально опасными механизмами*
При объективной оценке способности к вождению автомобиля и работе с механизмами достоверно не выявлено каких-либо нежелательных явлений при назначении рекомендуемой дозы 5 мг, тем не менее, целесообразно воздерживаться от занятий потенциально опасными видами деятельности, требующих повышенной концентрации внимания и быстроты психомоторных реакций.

**Форма выпуска**
Раствор для приема внутрь 120 мл во флаконе.
Один флакон вместе с инструкцией по применению в картонной упаковке.

**Условия хранения**
Хранить в сухом, защищенном от света месте при температуре не выше 25°C.
Хранить в недоступном для детей месте.

**Срок годности**
3 года. Не применять по истечении срока годности.

**Условия отпуска**
Без рецепта.

**Владелец торговой марки и регистрационного удостоверения:**
SPEY MEDICAL Ltd.,
Лондон, Великобритания

**Производитель**
Реплек Фарм Лтд. Скопье ул. Козле 188, 1000 Скопье,
Республика Македония

**Адрес организации, принимающей на территории Кыргызской Республики претензии от потребителей по качеству продукции (товара):**
ОсОО «Aman Pharm» (Аман Фарм), Республика Кыргызстан, город Бишкек,
ул. Шоорукова 36.
Тел: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com

SPEY

APPROVED for KYRGYZSTAN 20.11.2019

# ЦВЕТОКС

SPEY MEDICAL LTD
Lyton House
7-12 Tavistock Sq.
LONDON, WC1H 9LT, UK
Company No. 7706780

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы**
ЦВЕТОКС

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Цетиризин

**Дарынын түрү**
Ичип кабыл алуу үчүн эритинди.

**Курамы**
1 мл эритинди төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат:*
Цетиризин дигидрохлориди 1 мг
*Көмөкчү заттар:*
суюк сорбитол, глицерол, натрий бензоаты, лимон кислотасы моногидраты, натрий цитраты, банан жыт бергичи, тазартылган суу.

**Сүрөттөмөсү**
Тунук, түзсүз, илээшкектиги аз, мүнөздүү жагымдуу, жемиш жыты бар суюктук.

**Фармадарылык тобу**
Системалуу колдонуу үчүн гистаминге каршы дарылар. Пиперазинден алынгандар.
Цетиризин
**АТХ коду:** R06AE07.

**Фармакологиялык таасири**
***Фармакодинамикасы***
Цетиризин гистаминдин антагонисттерине атаандаш топко кирет, $H_1$-гистамин рецепторлорун бөгөттөйт, дээрлик антихолинергиялык жана антисеротониндик таасир тийгизбейт. Айкын аллергияга каршы таасирге ээ, аллергиялык реакциялардын өрчүшүн алдын алат жана жүрүшүн жеңилдетет. Кычышууга каршы жана экссудатка каршы таасирге ээ. Аллергиялык реакциялардын «эрте» баскычына таасирин тийгизет, ошондой эле сезгенүү клеткаларынын миграциясын азайтат; аллергиялык реакциялардын «кеч» баскычына катышкан медиаторлордун бөлүнүп чыгуусун басат. Капиллярлардын өткөргүчтүгүн азайтат, ткандардын шишимигинин өрчүүсүн алдын алат, жылма булчуңдардын карышуусун жазат. Гистаминди, атайын аллергендерди куюуга, ошондой эле муздакка (суук бөрү жатышында) болгон тери реакциясын жок кылат. Дарылык дозаларда дээрлик тынч алдыруучу таасир бербейт. Курстук кабыл алуунун фонунда көнүп калуу өрчүбөйт. 10 мг бир жолку дозаны кабыл алгандан кийинки дарынын таасири 20 мүнөттөн кийин (оорулуулардын 50% да), 1 сааттан кийин (оорулуулардын 95 % да) башталат жана 24 саат бою сакталат. Дарыны ичүүнү токтоткондон кийин таасири 3 суткага чейин сакталат.
***Фармакокинетикасы***
*Сиңирүү:* ичип кабыл алгандан кийин дары ашказан-ичеги жолунан тез жана жакшы сиңет. Концентрациянын эң жогорку деңгээли болжол менен 30-60 минута өткөндөн кийин аныкталат.
Тамакты кабыл алуу сиңүү убактысына  олуттуу таасир тийгизбейт, бирок эң жогорку концентрациясына жетүү убактысын (TCmax) 1 саатка узартат жана эң жогорку концентрация чоңдугун (Cmax) 23 % азайтат.
*Бөлүштүрүү:* цетиризин кандын плазмасынын белоктору менен болжол менен 93 % байланышат. Бөлүштүрүү көлөмүнүн чоңдугу (Vd) төмөн (0,5 л/кг).
*Зат алмашуу:* цетиризин көп эмес санда активдүү эмес метаболитти түзүү аркылуу О-деалкилирлөө жолу менен  зат алмашат. 10 мг дозасында 10 күндүк колдонууда дарынын топтолуусу байкалган эмес.
*Бөлүп чыгаруу:* болжол менен 70 % бөйрөк аркылуу, негизинен өзгөрүлбөгөн түрдө чыгарылат. Бөйрөктөн тышкары ичеги аркылуу да бөлүнүп чыгарылат. Системалуу клиренстин чоңдугу болжол менен 54 мл/мин түзөт.
Жарым-жартылай бөлүп чыгаруу мезгилинин узактыгы болжол менен 10 саатты түзөт. 6 жаштан 12 жашка чейинки курактагы балдарда жарым-жартылай бөлүп чыгаруу мезгилинин узактыгы 6 саатка чейин төмөндөйт.
Бөйрөк функциясы бузулганда (креатинин клиренси 11-31 мл/мин төмөн) жана гемодиализдеги бейтаптарда (креатинин клиренси 7 мл/мин аз) жарым-жартылай бөлүп чыгаруу мезгилинин узактыгы 3 эсе көбөйөт, жалпы клиренс 70 % азаят.
Боордун өнөкөт ооруларынын фонунда жана улгайган бейтаптарда 10 мг дозасында дарыны кабыл алууда жарым-жартылай бөлүп чыгаруу мезгилинин чоңдугу 50 % көбөйгөндүгү жана системалуу клиренстин 40 % азайгандыгы байкалат.

**Колдонууга көрсөтмө**
- Кычышуу, чүчкүрүү, ринорея, жаш агуу, конъюнктиванын гиперемиясы сыяктуу жыл бою жана сезондук аллергиялык риниттин жана аллергиялык конъюнктивиттин симптомдорун дарылоо;
- Өсүмдүк аллергиясы (поллиноз);
- Бөрү жатыш, анын ичинде өнөкөт идиопатикалык бөрү жатыш, Квинке шишимиги;
- Башка аллергиялык тери оорулары, анын ичинде кычышуу жана исиркектер менен коштолгон атопиялык дерматит.

**Каршы көрсөтмө**
- активдүү заттарга же пиперазинден алынгандарга, ошондой эле дарынын башка курам бөлүктөрүнө өтө сезгичтик
- оор бөйрөк алсыздыгы жана креатинин клиренси 10 мл/мин аз бейтаптар
- тубаса фруктозаны көтөрө албастык
- кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили
- 2 жашка чейинки балдар курагы

**Колдонуу жолу жана дозасы**
Тамакты кабыл алууга чейин же кийин ичилет. Дарыны үзгүлтүксүз бир эле ошол убакытта ичүү керек. Дарыны кабыл алуу убактысы (эртең менен же кечинде) бейтаптын жеке муктаждыктарына жараша аныкталат.
*Чоңдор:* күнүнө 1 жолу 10 мг (10 мл);
*12 жаштан жогору балдар:* күнүнө 1 жолу 10 мг (10 мл);
*Салмагы 30 кг жогору 6-12 жаштагы балдар:* күнүнө 2 жолу 5 мг (5 мл);
*Салмагы 30 кг төмөн 6-12 жаштагы балдар:* күнүнө 1 жолу 5 мг (5 мл);
*2-6 жаштагы балдар:* күнүнө 1 жолу 5 мг (5 мл) же күнүнө эки жолу ½ дозасында (2.5мл);
Орто даражадагы оордукта бөйрөк алсыздыгы бар бейтаптарга (креатинин клиренси 11-13 мл/мин), гемодиализдеги бейтаптарга (креатинин клиренси 7 мл/мүн аз) жана боор функциясынын бузулушу бар бейтаптарга күнүнө 5 мл пероралдык эритинди сунушталат.

**Кыйыр таасири**
- уйку келүү, баш оору, баш айлануу, алсыздык, талмоорсуу, чаалыгуу, сезимдин бузулушу
- кыжырдануу, дүүлүгүү, тынчсыздануу, маң болуу
- ичтин оорушу, ооздун кургашы, окшуу, ич өтүү
- колко карышуусу, фарингит жана ринит (балдарда)
- кычышуу, бөртмө

*сейрек*:
- өтө сезгичтик, бөрү жатыш, шишимик
- тахикардия
- боор ферменттеринин, щелочтуу фосфатазанын, билирубиндин деңгээлинин жогорулашы
- салмактын көбөйүшү
- карышуулар, кыймылдык бузулуулар
- агрессивдүүлүк, акыл-эстин чаташуусу, депрессия, галлюцинациялар, уйкусуздук

*абдан сейрек*:
- ангионевротикалык шишимик, эритема, анафилактикалык шок
- заара узатуунун кыйындашы, дизурия, энурез
- тромбоцитопения
- даам сезүүнүн бузулушу, эстен тануу, титирөө, дистония, дискинезия, тик
- көздүн сезгенүүсү, көрүүнүн же көз алмасынын кыймылынын бузулушу

*белгисиз*:
- табиттин жогору болушу, өзүн өлтүрүү ойлору, амнезия, эс тутумдун бузулушу, заара токтошу

**Ашыкча доза**
50 мг дозасында Цветокс дарысын бир жолку кабыл алууда төмөнкү симптомдор байкалышы мүмкүн: маң болуу, ич өтүү, баш айлануу, өтө чаалыгуу, баш оору, талмоорсуу, каректин кеңейиши, кычышуу, алсыздык, тынч алдыруучу таасир, уйку келүү, кеңгирөө, тахикардия, титирөө, заара токтошу.
*Дарылоо:* дарыны кабыл алгандан кийин дароо - ашказанды жууп-тазалоо же окшууну жасалма жол менен чакыруу керек. Активдешкен көмүрдү дайындоо, оору белгилерин жоготууга багытталган жана колдоочу дарылоону жүргүзүү сунушталат. Атайын антидоту жок. Гемодиализ натыйжасыз.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Цетиризин менен псевдоэфедриндин, антипириндин, циметидиндин, кетоконазолдун, эритромициндин, глипизиддин азитромицининин, диазепамдын өз ара таасирин фармакологиялык изилдөөлөрдө терс өз ара таасирлердин эч бир далилин таба алган жок.
Теофиллиндин (суткасына бир жолу 400 мг) жана цетиризиндин дозаларын бир нече изилдөөлөрдө цетиризинди бир убакта дайындоодо теофиллиндин жайгашуусу өзгөрүлбөгөн убакта, цетризиндин клиренсинин бир аз (16%) төмөндөгөндүгү байкалган.
Цетиризинди макролиддер (мисалы, азитромицин, эритромицин) же кетоконазол менен бир убакта дайындоодо ЭКГнын клиникалык маанилүү өзгөрүүлөрүнө алып келген эмес.
Ритонавирдин (суткасына эки жолу 600 мг) жана цетиризиндин (күнүнө 10 мг) бир нече дозаларын изилдөөдө цетиризиндин таасир берүү даражасы болжол менен 40% көбөйгөндүгү, ал эми ритонавирдин жайгашуусу цетиризинди кошо кабыл алууга кошумча бир аз өзгөрүлгөндүгү (-11%) аныкталган. Цетиризин натрий гепарининин антикоагулянттык таасирин начарлатат. Азеластин, алпразолам, бупренорфин, галоперидол, гидроксизин, диазепам, дроперидол, золпидем, флуразепам, кветиапин, флуфеназин, клозапин, трифлуоперазин, тиоридазин, фенобарбитал, фентанил, темазепам, рисперидон, пропофол, ремифентанил, прометазин, перфеназин, кодеин, лоразепам, оланзапин, оксазепам, мидазолам, хлорпромазин, хлордиазепоксид, эстазолам - депримацияны жана психомотордук реакциялардын ылдамдыгынын төмөндөшүн күчөтөт (өз ара).
Метогекситал, кетамин, изофлуран, энфлуран постнаркоздук мезгилде - депримацияны жана психомотордук реакциялардын ылдамдыгынын төмөндөшүн күчөтөт (өз ара). Этанол - депримацияны жана психомотордук реакциялардын ылдамдыгынын төмөндөшүн күчөтөт (өз ара); дарылануу мезгилинде спирт ичимдиктеринен баш тартуу керек.
Цетиризиндин сиңүү даражасы тамакты кабыл алуудан азайбаса да, сиңүү ылдамдыгы 1 саатка төмөндөйт.
Тери аллергиясына болгон тесттер антигистаминдер менен басылат, алардын жуулуп чыгышы 3 күн бою жүрөт, аларды аткаруудан мурда мына ушуга көңүл буруу сунушталат.

**Өзгөчө көрсөтмө**
Өтө сезгичтик реакциясы өрчүүдө дары менен дарылоону токтотуу керек. Бөйрөк алсыздыгы бар бейтаптарда дарынын жай бөлүнүп чыгарылышына байланыштуу анын топтолушу мүмкүн. Мындай бейтаптарга Цветоксту чоңдор үчүн кадимки сунушталган дозаларда дайындоодо холинди тосмолоочу таасир жана борбордук нерв системасына таасир берүү менен байланышкан кыйыр таасирлер байкалышы мүмкүн, бул учурларда дозаны азайтуу сунушталат.
Жогорку сезгичтиги бар бейтаптарда дарыны алкоголь же БНСтин башка депресанттары менен бир убакта колдонуу кошумча көңүл буруунун төмөндөшү жана өндүрүмдүүлүктүн начарлашын пайда кылышы мүмкүн.
Цетиризин зааранын токтоо коркунучун жогорулаткандыктан, зааранын токтоо факторлоруна жакын бейтаптарга өзгөчө көңүл буруу сунушталат.
Улгайган бейтаптарда да дарынын холинди бөгөттөөчү таасирлеринин (ооздун кургашы, зааранын токтошу) өрчүү коркунучу жогору. Бул симптомдор пайда болууда дары менен дарылоону токтотуу керек. Баамдоолордун натыйжаларын бузуп албоону алдын алуу үчүн аллергендер менен тери баамдоолорун жүргүзүүгө 3 күн калганга чейин Цветокс менен дарылоону токтотуу керек. Дарыны дарылоо дозаларында колдонууда алкоголь менен (канда алкоголдун концентрациясы 0,5 г/л) өз ара таасири жөнүндө маалыматтар алынган эмес, бирок алкоголь менен бир убакта кабыл алуу тынчсыздануу сезимин же акыл-эстин жай кабыл алуусун пайда кылуусу мүмкүн. Талма оорусу менен ооругандарга жана карышуулардын өрчүү коркунучу бар бейтаптарга абдан көңүл буруу сунушталат.
*Дары каражатынын унаа каражатын же потенциалдуу кооптуу механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир берүү өзгөчөлүктөрү*
Авто унааны айдоого жана механизмдер менен иштөөгө болгон жөндөмдүүлүктү объективдүү баалоодо сунушталган 5 мг дозасын дайындоодо чындыгында кандайдыр бир терс көрүнүштөр аныкталган жок, ошондой болсо да, көңүл коюу концентрациясынын жогору болуусун жана психомотордук реакцияларды тездигин талап кылган иштин потенциалдуу кооптуу түрлөрү менен алектенүүдөн алыс болуу максатка ылайыктуу.

**Чыгаруу формасы**
Флакондо 120 мл ичип кабыл алуу үчүн эритинди.
Бир флакон колдонуу боюнча нускама менен бирге картон таңгакчада.

**Сактоо шарты**
Кургак, жарык тийбеген жерде, 25ºС дан жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл. Жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Берүү шарты**
Рецепти жок.

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси:**
SPEY MEDICAL Ltd.,
Лондон, Улуу Британия

**Өндүрүүчү**
Реплек Фарм Лтд. Скопье,
Козле көч.188, 1000 Скопье,
Македония Республикасы

**Кыргыз Республикасынын аймагында продукциянын (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн доомattарды кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргызстан Республикасы, Бишкек шаары, Шооруков көч. 36.
Тел: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com

3CET22KI

SPEY